**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**Shaar.kenesh@gmail.com**

**Shaar.kenesh@gmail.com**

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги IV сессиясынын №20/4-9 ТОКТОМУ

**17-февраль, 2025-жыл** **Талас шаары**

**“Талас шаарынын мэриясынын резервдик фонду жөнүндө” жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 24.01.2025-жылдагы №01-19/220 сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. “Талас шаарынын мэриясынын резервдик фонду жөнүндө” жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева.А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков.А.О) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**

**Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин 2025-жылдын 17-февралында №20/4-9 токтому менен бекитилди**

## “Талас шаарынын мэриясынын резервдик фонду жөнүндө” жобо

### I глава. Жалпы жоболор

1. Ушул жобо Талас шаарынын мэриясынын каражаттарын түзүү жана каржылоо тартибин аныктайт.
2. Резервдик фонд күтүлбөгөн чыгымдарды каржылоо үчүн каралган жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык түзүлөт.
3. Резервдик фонддун каражаттары Талас шаарынын мэриясынын учурдагы бюджеттик жылда кечиктирилгис каржылоону талап кылган күтүлбөгөн чыгашаларды каржылоо үчүн белгиленет.

### II глава. Резервдик фондду түзүү тартиби

1. Талас шаарынын мэриясынын резервдик фонду жергиликтүү бюджетке өздүк кирешелерден учурдагы түшүүлөрдүн эсебинен түзүлөт.
2. Жергиликтүү бюджеттин резервдик фондунун өлчөмү тийиштүү жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнүн 2 пайызынан ашпашы керек (резервдик фонддордун каражаттарын жана аткаруу бийлигинин органдарынын муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнөн түшүүлөрдү эсепке албаганда). Резервдик фонд шаардык бюджеттин чыгымдарынын курамында түзүлөт.
3. Талас шаарынын мэриясынын резервдик фонддун көлөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Депутаттардын Талас шаардык кеңеши тарабынан кезектеги финансылык жылга Талас шаарынын бюджетин бекитүүдө белгиленет.

### III глава. Резервдик фонддун каражаттарын чыгымдоонун багыттары

1. Резервдик фонддон каражаттар бул жобо тарабынан каралган максаттуу багытка ылайык чыгымдалат.
2. Резервдик фонддон каражаттар жергиликтүү бюджетти түзүүдө жана бекитүүдө эске алынбаган шаарда өткөрүлүүчү экономикалык, социалдык-маданий жана башка иш-чараларды күтүлбөгөн чыгымдарды жабуу үчүн түзүлөт, анын ичинде:

2.1. расмий күндөргө арналган майрам күндөрүндөгү расмий иш-чараларды өткөрүү;

2.2. расмий кабыл алууларды, жолугушууларды, семинарларды жана башка жалпы шаардык маанидеги иш-чараларды өткөрүү;

2.3. шаардын аймагында турган социалдык-маданий жана административдик объекттердин материалдык-техникалык базасын жана инфраструктурасын ремонттоого жана жакшыртууга жарым-жартылай финансылык колдоо көрсөтүү;

2.4. Улуу Ата-Мекендик согуштун ардагерлерине жана катышуучуларына, эмгек ардагерлерине, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, аз камсыз болгон жана табият кырсыктарынын натыйжасында жапа чеккен жарандарга бир жолку материалдык жардам көрсөтүү;

2.5. табигый кырсыктардын жана өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин алдын-алуу жана жоюу боюнча маселелерди тез арада чечүү, ошондой эле шаардын аймагында коомдук тартипти жана коопсуздукту камсыздоо;

2.6. спорт иш-чараларынын катышуучуларын, ошондой эле илимдин жана маданияттын ишмерлерин финансылык жактан колдоо көрсөтүү;

2.7. жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун кызматкерлерине өзү же жакын туугандары ооруп же каза болгон учурларда материалдык жардам көрсөтүү;

2.8. табигый кырсыктардан, жаратылыш-техногендик катастрофалардан жапа чеккен социалдык-тиричилик, турак-жай-коммуналдык багыттагы объекттерин калыбына келтирүү жана ремонттоо иштерин каржылоо (атайын жабдууларды, чарба инвентарларын, дары-дармектерди, тамак-аш продуктыларын, күйүчү май сатып алуу);

2.9. Талас шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктарына тийиштүү башка иш-чараларды жана чыгымдарды каржылоо.

3. Резервдик фонддордун каражаттарын төмөнкүлөргө пайдаланууга жол берилбейт:

3.1. шайлоо, референдум өткөрүүгө;

3.2. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин жетекчилеринин ишин чагылдырууга;

3.3. муниципалдык кызматчылардын эмгегине акы төлөөгө жана аларга материалдык сыйакы берүүгө;

3.4. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин учурдагы материалдык-техникалык жана каржылык камсыз кылуу боюнча иш-чараларга.

## IV глава. Талас шаарынын резервдик фондунун каражаттарын чыгымдоо тартиби

1. Талас шаарынын резервдик фондунан каражаттар Талас шаарынын мэринин буйругунун негизинде бөлүнөт.

2. Резервдик фонддун каражаттарын чыгымдоо боюнча сунуштарды киргизүү укугу Талас шаарынын мэрине, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин профсоюздук комитеттерине таандык.

3. Резервдик фонддон каражат бөлүү жөнүндө сунуштун демилгечиси сметалык-финансылык документтерди тиркөө менен суралуучу каражаттарды жана анын көлөмүн бөлүү зарылчылыгын негиздөө менен өтүнүчтү шаардын мэрине жөнөтөт.

4. Шаардын мэри бул жобого ылайык көрсөтүлгөн документтердин негизинде сунушталган чыгымдардын максаттуулугу жөнүндө чечим кабыл алат.

## V глава. Резервдик фонддун каражаттарын чыгымдоого контроль

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык резервдик фонддун акча каражаттарынын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылуусуна каражат бөлүштүрүүчү жана каражат алуучулар жеке жоопкерчилик тартат.

2. Талас шаарынын резервдик фонддорун пайдалануу жөнүндө маалыматтар аларды аткаруу жөнүндө отчетторго тиркелет жана милдеттүү жарыялоого жатат.